Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби

# Кыргыз тили жана адабияты сабактарынын мугалими Байгазиева Чынара Карагойчуевнанын мектеп ичинде тажрыйбасын жайылтуу боюнча иш кагаздары



Суусамыр айылы

Сканировано с CamScanner

Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби



**Кыргыз тили жана адабияты сабактарынын мугалими**

**Байгазиева Чынара Карагойчуевна**

Суусамыр айылы

Сканировано с CamScanner

# Р е з ю м е

1. **Аты-жөнү:** *Байгазиева Чынаркул Карагойчуевна*

2. **Туулган күнү, айы, жылы:** *11-сентябрь 1971-жылы*

3. **Билими, кайсы окуу жайын качан бүтүргөн:** *Жогорку, Чүй Университетинин кыргыз филология факультетин 23.06.2004-жылы бүтүргөн*

4. **Кесиби:** *Кыргыз тили жана адабияты предметтеринин мугалими.*

5. **Мектептин дареги, иштеген жери, кызмат орду:** *Чүй облусу, Жайыл району, Суусамыр айылы, Тынчтык көчөсү №14, Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби, кыргыз тили жана адабияты сабактарынын мугалими.*

6. **Окутуу тили:** *Кыргыз*

7. **Иш стажысы:** *18 жыл*

8. **Категориясы:** *Жогорку квалификациялык категория.*

9. **Курстан өткөн жылы:** *КББА серт. № 200 -жыл,*

10. **Билгичтиктери жана көндүмдөрү:** *Сабактагы проблемалык кырдаалдарды туура анализдөөгө жетишүү, окуучулардын шыктарын баалоо, материалдарды жеткиликтүү түшүндүрүүнү жаңыланган усулдарды колдонуу менен сабактарды уюштура билүү.*

11. **Жеке сапаттары:** *жоопкерчиликтүү, токтоо, сылык, адамгерчиликтүү.*

12. **Тилдерди билүүсү:** *кыргыз (эркин), орус (сүйлөө).*

13. **Сыйлыктары:** *Мектеп администрациясынын Ардак грамотасы 200 -жыл*
*Суусамыр айыл өкмөтүнүн Ардак грамотасы 200 -жыл*
*Райондук билим берүү бөлүмүнүн Ардак громатасы 200 -жыл*
*Райондук билим берүү бөлүмүнүн ардак громатасы 200 -жыл*
*Райондук билим берүү бөлүмүнүн ардак громатасы 201 -жыл*
*Райондук билим берүү бөлүмүнүн ардак громатасы*

14. **Дареги, уюлдук телефону:** *Чүй облусу,Жайыл району,Суусамыр айылы, Тынчтык көчөсү № ,*
*уюлдук телефону: 0709 409 142*

Сканировано с CamScanner


# *иш мерчеми*

| № | *этаптар* | *ишмердүүлүктүн мазмуну* | *мөөнөтү* | *натыйжаны көрсөтүү формасы* |
|---|---|---|---|---|
| 1 | *Диагностика-болжолдоо* | • кыйынчылыктарды анализдөө<br>• карама-каршылыктарды аныктоо<br>• көйгөй боюнча адабияттарды окуу<br>• максат, маселелерди аныктоо<br>• жыйынтыктарды болжолдоо<br>• ***жаңы окутуу технологияларын колдонуу*** | 2018-19-окуу жылы | Усулдук теманы тандоону жактоо. - Усулдук бирикме |
| 2 | ***Уюштуруу - практикалык*** | • иш программасын түзүү<br>• материалдык-техникалык базаны даярдоо<br>• өз билимди өркүндөтүү<br>• усулдук камсыздоо – карточкаларды, иштелмелерди жана кошумча материалдарды даярдоо<br>• сабактын моделдерин иштеп чыгуу<br>• ***коллективдүү ишмердүүлүк технологиясын колдонуу***<br>• аралык жыйынтыктарга байкоо жүргүзүү | 2018-19-окуу жылы | Билим сапатынын мониторинги.<br><br>Ачык сабактар. – Усулдук бирикме |
| | ***Түзөтүү-жалпылоо*** | • материалдык-техникалык базаны жаңыртуу<br>• ***сабактарда МКТларды колдонуу***<br>• текшерүү-диагностикалык иштерди өткөрүү<br>• ишмердүүлүктү оңдоп-түзөтүү<br>• алынган жыйынтыктарды пландаштырылгандар менен салыштыруу<br>• жыйынтыктарды сүрөттөө, көркөмдөө | 2019-20-окуу жылы | Жыйынтыктардын, билим сапатынын мониторинги. |
| | ***Жыйынтыктоо*** | • алынган натыйжаларды педагогикалык ишмердүүлүктө колдону<br>• иш тажрыйбаны жайылтуу<br>• натыйжа чыгаруу формаларын тандоо<br>• **жыйынтык чыгаруу** | 2020-21-окуу жылы | Портфолио<br><br>Жыйынтыктарды презентациялоо. – Усулдук бирикме |

Сканировано с CamScanner

Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби

# Интерактивдүү окутуунун жалпы маселелери



**Мугалим:** ***Байгазиева Чынара Карагойчуевна***

**Суусамыр айылы**

Сканировано с CamScanner

Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби

# Адабиятты окутуудагы айрым мүчүлүштүктөр жана ага карата ойлор



**Мугалим:** ***Байгазиева Чынара Карагойчуевна***

**Суусамыр айылы**

Сканировано с CamScanner

# Дифференциациялап окутуунун ыкмалары

Дифференциациялап окутуунун ыкмалары - Сабакты окуучулардын окуу мүмкүнчүлүкторүнө жараша дифференциациялаштырып уюштуруунун ар түрдүү ыкмалары бар: мисалы, окуучуларга тапшырманы эки формада (төмөндөөчү кыйындыкта жана жогорулоочу кыйындыкта) сунуш кылуу.

1-формадагы төмөндөөчү кыйындыктагы тапшырма. Бүткүл класска түшүнүп-билүү маселесинин бир кыйла татаал варианты (мисалы, формуланы чыгаруу, теореманы далилдөө жана башкалар) сунуш кылынат. Мыкты окуган күчтүү окуучулар тапшырманы өз алдынча чыгарууга киришип эмгектенишет. Бул убакта тапшырманы өз алдынча чыгара албагандар үчүн мугалим маселенин чыгарылыш жолун түшүнүүгө жардам берүүчү жалпы баяндама берет. Натыйжада дагы бир катар окуучулар өз алдынча иштөөгө киришет. Андан кийин да жардамга муктаж болгондорго мугалим дагы бир жолу жалпы көрсөтмө берет. Ошондон кийин да тапшырманы аткарууга кирише албаган болсо, анда мугалим аларга чыгарылыштын рационалдуу планы жазылган карточканы сунуш кылат. Натыйжада бүткүл окуучулар берилген тапшырманын чыгарылышын издөөнүү процессине катышып эмгектенишет.

2-формадагы жогорулоочу кыйындыктагы тапшырма. Бүткүл класска жеңил аткарылуучу тапшырма сунуш кылынат. Бул тапшырманы баарынан мурда туура аткаргандарга эми мурункудан кыйыныраак тапшырма сунуш кылынат. Бул убакытта мугалим артта калган окуучуларга тиешелүү жардам көрсөтүп, алардын ишин башкарат. Эң акырында, даярдыктары эң мыкты окуучуларга жогорку татаалдыктагы тапшырма берилет.

Сабакта окуучулардын өз алдынча иштөөсүн камсыз кылып жекечелештирүүнүн мындай формаларынын баалуулугу – учурда мугалим тигил же бул окуучунун даярдыгынын деңгээлин атап көрсөтпөйт, ар бир окуучу тапшырманы өз ыктыярынча тандап алат. Бирок, бул үчүн ар бир окуучу өзүнүн окуу мүмкүнчүлүгүн сунуш кылынуучу жумуштун кыйынчылык даражасына ылайыктай билүүсү зарыл. Окутууну дифференциациялоо максатында даярдыктары төмөн болгон окуучулар үчүн жаңы материалды кайталап түшүндүрүү жана ошол эле убакта ошол тема боюнча даярдыктары мыкты окуучулардын өз алдынча эмгектенүүлөрүн татаалдаштыруу ыкмасы колдонулат. Мындай тажрыйбанын мааниси төмөндөгүчө: Сабактын башталышында жаңы материалды бүткүл класс фронталдуу үйрөнөт. Даярдыктары мыкты окуучулар жаңы материалдын мазмунун толук түшүнүп кабылдаган сайын аларга мугалим улам өз алдынча иштөө үчүн тапшырмалар берип коёт (китеп менен иштөө, көнүгүүлөрдү аткаруу жана башкалар) да, өзү жаңы материалды калган окуучулар менен иштеп чыгуусун улантат.

Материалды орто окуган окуучулар да түшүнүп кабыл алгандыгына ишенгенден кийин мугалим аларга да өз алдынча иштөөгө тапшырмалар берип коюп, өзү бул учурда даярдыктары начар окуучулар менен иштөөсүн улантат. Жаңы материалды начар окуучулар да түшүнүп кабыл алышкандан кийин мугалим эми буларга өз алдынча иштөөгө тапшырма берип коёт да, бул учурда ал мыкты жана орто окуган окуучулардын өз алдынча иштеринин натыйжаларын текшерип чыгат. Сабактын аяк ченинде ар бир группадагы окуучулардын өкүлү өзүнүн ишинин натыйжасын окуйт, бул учурда калган окуучулар тигил же бул формада аткарылган жумуштун тууралыгын текшерүүгө катыштырылат. Натыйжада бардык тапшырмалар класстагы бүткүл окуучулар тарабынан иштелип чыгат.

Өлкөбүздүн алдыңкы мектептеринде сабакты дифференциациялап уюштуруунун төмөнкүдөй формалары да кеңири практикаланат:

Сканировано с CamScanner

# АДАБИЯТТЫ ОКУТУУДАГЫ АЙРЫМ МҮЧҮЛҮШТҮКТӨР ЖАНА АГА КАРАТА ОЙЛОР

Адабият мугалими өз ишине канчалык кызыкса, окуучулар ошончолук көркөм адабиятка кызыгышат. Окулуп жаткан көркөм чыгарманы мугалим окуу предметине гана айландырса, аны өздөштүрүүнүн мектептик көнүгүү аркылуу гана чечсе, анда окуучунун талабы адабият сабагынан тышкары болуп, бөлөк агым, бөлөк багыт менен кетет. Мындай сабакты турмуштан алыс калган сабак деп атоого болот. Ал эми тажрыйбалуу адабият мугалими окуучулардын адабиятка болгон кызыгуусун өстүрүү үчүн кам көрөт. Адабияттын мектептик курсун, адабият сабагын окуу китебинин тар чөйрөсүндө гана өнүктүрбөстөн, адабият боюнча жүргүзүлгөн класстан жана мектептен тышкаркы бардык иштердин негизинде жүргүзөт.

«Адабият методикасынын үйрөнүүчү, изилдөөчү объектиси – адабият эмес, педагогикалык процесс. Адабият сабагындагы мугалим менен окуучунун бири-бирине болгон мамилелери, адабий материалдын негизинде таалим-тарбия иштерин алып баруу – методиканын изилдөө, үйрөнүү объектиси»—дейт В.В.Голубков.

Адабият мугалиминин, усулчунун негизги максаты эмне? Адабияттын методикасынын адабияттан айырмасы болгондой эле, адабият мугалиминин, усулчунун адабий сынчыдан айырмасы бар . Эгер адабий сынчы тигил же бул жазуучу, чыгарма боюнча өз оюн, көз карашын айтса, адабият мугалими менен усулчу ошол айтылгандарды, адабий маселелерге тиешелүү айрым жоболорду окуучуларга кантип түшүндүрүп, кандай жол менен окутуу максатын көздөйт. Адабият мугалими жана усулчунун мектеп курсундагы сабагынын негизин көбүнчө адабиятчылар, сынчылар айткан такталган даяр ойлор түзөт. Мындан адабият мугалиминин жана усулчунун жазуучу, анын чыгармасы боюнча өз пикири болбойт деген корутунду чыгарууга тийиш эмес. Адабият мугалими жана усулчунун, кала берсе алардын окуучуларынын да тигил же бул жазуучу, чыгарма боюнча өз ою, пикири болууга тийиш. Адабият мугалими жана усулчу айрым маселелер боюнча айтылган ойлорду жыйынтыктайт, аны жаңы фактылар, өзүнүн байкоолору, методикалык табылгалары менен бекемдейт, аларды кандайча ык менен түшүндүрүүнүн жолун издейт.

Адабият сабагын окутуунун методикасы салыштырып окутууга бөтөнчө жогору баа берет. «Ааламдагы бардык нерсени салыштыруу аркылуу гана билебиз. Дидактикада салыштырып окутуу өзүнчө бир ыкма болууга тийиш» – дейт К. Д.Ушинский. Ошондуктан мүмкүн болгон жердин баарында акын-жазуучуларды да алардын жараткан чыгармаларын да, анын кооздук сапатын да кейипкерлерин да салыштыруу керек. Адабият сабагын окутуудагы эң жаман илдет – көркөм чыгарманы кара сөзгө айландырып, окуучуларды жадаткан жупуну, чоркок тил менен анын мазмунун кайталап айтып берүү. Мындан баарынан мурда поэзия жабыр тартат, ал учкул канатынан аксайт. Канчалык мазмундуу, жандуу айтылган аңгеме болсо да, поэзиянын керемет сырын ачып көрсөтө албайт . Чыгарманын мазмунун айтып берүү менен окуучунун окуу китебиндеги айтылгандарды кайталоо аркылуу поэзия боюнча өтүлгөн сабак – өз максатына жетпейт. Мындай сабакка окуучулар көңүл кош мамиле кылышат. Поэзия боюнча өтүлгөн ар бир сабакта акындын үнү угулуп турууга тийиш. Мугалимдин «негизги искусствосу жазуучуну өзү жөнүндө сүйлөтүүгө мажбурлоодо турат».

Адабият сабагын окутуудагы кемчиликтердин дагы бири – көпчүлүк мугалимдердин көркөм чыгарманы анализдөөнү билбегени, мугалимдердин текстке кайрылбагандыгы , көркөм сөздүн маңызын татытып, чыгармадан керектүү үзүндүнү окутпагандыгы, мектепте адабиятты окутуу дегенди көп мугалимдер тар мааниде түшүнгөндүгүндө. «Тилекке каршы мугалимдердин арасында өздөрүнүн милдетин өтө тар, мектептик гана чөйрөдө түшүнгөн, адабият сабагында жекече ойлорун айта албаган, адабиятка окуучуларды

Сканировано с CamScanner

# Окуучуларды өзгөрткүң келсе өзүң өзгөрүл.

Мугалим – мөмөлүү дарак сыяктуу, жемиши көбөйгөн сайын жерге ийилип, жаш муундарга билим азыгын берген бийик даражалуу адис. Анын тарбиясы менен далай аалымдар жетилип, далай инсандар калыптанган. Жалпы адамзат мугалимдин берген билиминин негизинде өнүгүп-өсүп, көчүн түзөп, коодонун бекемдеп келет. Агартуучулук кесиптин асылдыгы да, адалдыгы да ошондо. Себеби, Ньютон, Дарвин өңдүү жерди астын-үстүн кылып илим кенин казган окумуштуулар да, Чыңгыз, Пушкин сыяктуу калеми менен жан дүйнөгө бүлүк салган жазмакерлер да, Атилла менен Чыңгыз Хандай карылуу кол башчылар да, Ленин, Ата-Түрк өңдөнгөн кайраткер жол башчылар да мугалимден тарбия алып, муратына жеткен. Адам уулу мындан ары да асыл кесип ээлери салган жол менен кадамын уланта берери шексиз. Бирок, бул кесип ары сыймыктуу болгону менен ары татаал. Үйрөнгөнүн башкага үйрөтүп, ал үчүн үйрүлө түшүп өз түйшүгүнө түйшүк кошкон адам гана мугалимдик кесипти татыктуу аркалай алат.

Мугалимдин "*Аа*" арибинен башталган билим жолу түбөлүктүү, анын чеги жок. Ошондуктан улуу аалым Жусуп Баласагын бабабыз "Кут алчу билим" дастанында окуу-билим тууралуу омоктуу ойлору менен бөлүшкөн. Окуу гана жашоого чырак, өмүргө булак болуп берерин, ал үчүн талыкпаган эмгек, тынбаган изденүү талап кылынарын белгилеп өткөн.

Мындан сырткары, табигат менен таттуу мамилени сактап, көчмөн турмушта жашаган кыргыздын кылым кыйырында калган издерине көз салганыбызда дүйнөнү дүңгүрөткөн цивилизация кура албаса да, аалам менен кошо алдыга жылып, кептен океандай алп Манас дастаны, сөздөн сөөлөттүү чыгармаларды жаратканын байкайбыз. Анткени сөздүн майын чыгарып, кептин кенин казган кыргыз баласы, баскан жолдон тажрыйба алып, айтылган ойдон акыл топтогон. Азыркыдай мугалим деген анык наамы болбосо да, айылдагы аксакалдар, ой баккан акылмандар жаштарды жакшы жакка үндөп, билгенин үйрөтүп келген. Алтайдан Ала-Тоого уланган кыргыз тарыхы азыркыга чейин жашап жатканынын дагы бир далили ушул.

Ал эми азыркы дүйнө бир айылчага айланган, ааламдашуу доорунда адамзаттын кадамы да тездеп, космос мейкиндигинин чегинен да ашуу мүкүнчүлүгүнө жетти. Гагарин салган чыйыр даңгыр жолго айланып, ай менен күндү алаканыбызга алдык. Мында да мугалимдин, үйрөткөн аалым-агартуучулардын эмгеги зор. Эгер балага тамга таанытылбай, өнөр үйрөтүлбөсө, көрүнгөн кырдан аркысы бүдөмүк бойдон кала берет эле. Ошондуктан, мугалим биздин жол башчыбыз, акыл үйрөткөн бай казынабыз деп билем. Айрыкча, ошол кесиптин ээси катары, окуучуга берген тарбиямдын маңызы үчүн кандай түйшөлсөм, анын максатына да ошондой күйүнөм. Анткени, кароого муктаж көчөт сындуу балдардын көйкөлө жемиштүү даракка айланышы үчүн жетиштүү билим, жетик ой-пикир, татыктуу тарбияны өзүбүзгө да сиңирүүбүз керек.

Мен өзүмдүн педагогикалык эмгек тажрыйбамдан улам, мугалимди жөн гана үйрөткөн адам эмес, өмүр бою үйрөнүп, изденип жүргөн чалгынчыдай сезем. Китепке эле эмес, окуучумдун көңүлүнө чалгынга барып, анын жан дүйнөсүн ээлөө жолун издеп, таба алсам гана максатыма жеткен болом. Ошон үчүн күнүгө окуп, тарбия алуу окуучумдун гана эмес, өзүмдүн да милдетим деп билем. Үйрөнүү менен үйрөтүү жана үйрөтүү аркылуу үйрөнүү мугалимдик кесиптин башкы формуласы деп санайм. Анткени, мугалим өзү өзгөрмөйүнчө, анын окуучуну өзгөртүүгө кылган аракеттери майнапсыз болуп калат. Ленин айткан окуу, окуу жана окуу деген чакырык, билим алуучуга жана билим берүүчүгө да тиешелүү. Ошондой эле, мугалим кийген кийими, айткан сөзү менен окуучусуна үлгү болуп, өрнөктүү өмүр жолу менен өзгөчөлөнүп турушу шарт. Бул анын башкы вазыйпасынын бири.

"Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу", деп улуу жазуучу Чыңгыз Айтматов белгилегендей, өзүңдүн адамдык ыйык касиет-сапатыңды кандай гана кырдаал, учур болбосун жоготпостон, адамдык улуулукту сактап калууга аракеттенишибиз керек.

Сканировано с CamScanner

# Мугалимдин компетенттүүлүгү деген эмне?

**Түйүндүү түшүнүктөр**: компетенция, компетенттүүлүк, кесиптик компетенттүүлү, адистик компетенттүүлүк, педагогикалык ишмердүүлүк, окутуу процесси, окуу предмети, класстык коллектив, коммуникабелдүүлүк, окуучулардын үйрөнүү деңгээли, психологиялык компетенттүүлүк, ишмердүүлүк, улуттук баалуулук, адамзаттык баалуулук, мугалимдик көндүмдөр.

Мугалимдердин компетентүүлүгү же ишбилгилиги деген эмне? Кандай мугалимди ишбилги дей алабыз? Алардын мугалимдик кесипке компетенттүүлүгү кантип аныкталат? Так аныктоого негиз боло турган стандарт барбы? Жогорку окуу жайларда мугалимдин ишбилгилик сапаттары тууралуу студенттерге маалымат берилеби же бул өнүттө даярдалабы? Мугалимдик кесиптин кайсы адистиги боюнча? Бала бакча тарбиячысыбы, кенже окуучулар мугалимиби?, орто мектептин же жогорку окуу жайдын окутуучусубу? Адистердин кайсысынын компетенттүүлүгү кандай болуш керек? Жөнөкөй мугалим менен жетекчинин ишбилгилик деңгээли кандай аныкталат? Мугалимдин ишбилгилигин текшерип жатып, ал иштеген окуу жайдын абалы, мугалимдин ишинин ийгиликтүү болушуна таасири тууралуу эмнелерди эске алышыбыз керек? ж.б.у.с. суроолорго жооп издейли.

Жалпысынан алганда, мугалимдердин ишбилгилиги кайсы багыттар боюнча бааланышы керек?

Ал багыттар деп төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот:

1. Педагогикалык кесиптик ишбилгилик
2. Окутуу-үйрөтүү процессин уюштура билгичтик
3. Инсандык психологияга аяр мамиле жасай билгичтик
4. Билим деңгээлинин жетиштүүлүгү, тармактык билимдин бекемдиги
5. Мугалимдик кесипке берилгендик, педагогдук ишмердүүлүктү аркалоо
6. Окуу программалары боюнча түшүнүк, кабардарлык деңгээли
7. Коммуникабелдүүлүк
8. Билимди, билгичтикти жана көндүмдү баалай алуу, баалоо критерийлерди билүү
9. Башка өзгөчөлүктөр (квалификацияны жогорулатуу, мыйзамдуулукту билүү ж.б.)

Мында мугалим адистерди даярдаган окуу жайларда үйрөтүү керек болгон компетенттүүлүк өзгөчөлүктөр тууралуу сөз болот. Мисалы, жогорку окуу жайдын мугалиминин болочок мугалимдерге үйрөткөн окутуу методдору тууралуу программадагы маалыматтардын тандалышы. Бул мугалимдердин тажрыйбасы, сапаты жана каалоосу, практика өткөрүлө турган мектептин сыпаты, факультеттеги (институттагы) шарттар, колдо болгон материалдар, аларды колдоно билүү, жетекчилик сапат, классты жетектөө, окуучулар менен болгон мамиле кандай болушу керектигин карап көрөлү.

**1. Кесиптик-педагогикалык ишбилгилик**

**А. Кесиптик ишбилгилик**

 Темага жана тиешелүү билим тармакка байланыштуу белгилүү бир даражада маалыматы бар экендигин көрсөтүү. Предметти, түшүнүктөрдү, аткара турган иштерди так билүү. Окуу материалына төп келген методду жана окутуу технологиясын, кошумча материалды жана ыкманы колдоно билүү.

 Өзү окуткан окуу предметке байланыштуу эреже, теория, аныктама, принцип,

Сканировано с CamScanner

Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби

# Тоголок Молдонун чыгармачылыгындагы өзгөчөлүктөр


**Мугалим: Байгазиева Чынара Карагойчуевна**

**Суусамыр айылы**

Сканировано с CamScanner

Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби

# Жусуп Баласагын – улуу ойчул, таасын тарбиячы



**Мугалим:** ***Байгазиева Чынара Карагойчуевна***

**Суусамыр айылы**

Сканировано с CamScanner

Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби

# РЕФЕРАТ

**Темасы: "Жазуу иштерин текшерүүнүн методикасы"**

**Аткарган:** ***кыргыз тили жана адабияты сабактарынын мугалими Байгазиева Ч. К.***

**Суусамыр айылы**

Сканировано с CamScanner

*Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби*

# МААЛЫМАТ

## «Жазуу иштерине баа коюу»

*Даярдаган: кыргыз тили жана адабияты сабактарынын мугалими Байгазиева Ч. К.*


*Суусамыр айылы*

Сканировано с CamScanner

Конушбаев Кадырбек атындагы Суусамыр орто мектеби

# Ачык сабактын иштелмеси

**Темасы: "Сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору"**



**Мугалим:** ***Байгазиева Чынара Карагойчуевна***

**Суусамыр айылы**

Сканировано с CamScanner

**8-класс**
**Сабактын темасы: Сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору.**

**Сабактын максаты:**

**А) Билим берүүчүлүк**: Окуучулардын сөз айкашы, алардын түрлөрү, багындыруучу жана багыныңкы сөздөр жөнүндөгү түшүнүктөрүн бекемдөө менен, сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланыш жолдорун үйрөнүшөт.

**Б) Өнүктүрүүчүлүк**: Сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн өз ара маани жактан жана грамматикалык жактан байланышарын, багыныңкы байланыштын түрлөрүн түшүнүшөт. Сөз айкашы боюнча талдоо жүргүзө билүүгө машыгышат.

**В) Тарбия берүүчүлүк**: Окуучуларды эне тилин сүйүүгө, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөөгө, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жазууга, топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлоого тарбияланышат.

**Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу:**

А) сөз айкашы, алардын түрлөрү, багыныңкы жана багындыруучу түгөйлөр жөнүндөгү билимдерин бекемдей алса, сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдорун (ээрчишүү, таандык, ыкташуу, башкаруу) өздөштүрө алса;

Б) сөз айкашынын тутумундагы сөздөрдүн маанилик жактан жана грамматикалык жактан байланышарын, ошондой эле багыныңкы байланыштын түрлөрүн үйрөнсө, сөз айкашы боюнча толук талдоо жүргүзүүгө жетише алса;

В) эне тилин сүйүп, адабий тилдин нормасына ылайык туура сүйлөсө, орфографиянын эрежелери боюнча сабаттуу жаза алса жана топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашса.

**Сабактын тиби:** жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу**: проблемалуу метод жана интерактивдүү методдордун айрым стратегиялары.

**Сабактын жабдылышы**: дидактикалык карточкалар, таблица жана схемалар.

**Сабактын жүрүшү**: 1.Уюштуруу

2.Өтүлгөн теманы кайталап, үйгө берилген тапшырманы текшерүү

1. Сөз айкашын тил илиминин кайсы бөлүмү окутат?
2. Сөз айкашы деген эмне? Ага мисалдар келтиргиле.
3. Сөз айкашы менен сүйлөмдүн кандай айырмасы бар деп ойлойсуңар? Алгач сөз айкашын түзүп, анан аны сүйлөмгө айландыргыла. Эмнени байкадыңар?
4. Эмне үчүн толук маанилүү сөз менен кызматчы сөздүн тизмеги сөз айкашы боло албай тургандыгын түшүндүргүлө.
5. Сөз айкашынын тутумундагы багындыруучу жана багыныңкы сөздү кантип аныктоого болот? Мисал менен түшүндүргүлө.

**Мугалимдин сөзү**: Ошентип биз өткөн сабакта сөз айкашы, анын түрлөрү жөнүндө терең үйрөнгөнбүз. Демек, сөз айкашы болуш үчүн толук маанилүү эки же андан көп сөз катыштарын, алардын бири, тагыраак айтканда, ойдун негизин ээлеп турган сөзү багындыруучу, ага көз каранды

Сканировано с CamScanner

бөлүгү багыныңкы сөз болорун билдик. Эгерде толук маанилүү сөз менен кызматчы сөздөр айкашса, сөз айкашы боло албай тургандыгын (келечек тууралуу мектепти көздөй, тартип жөнүндө ж.б.), сөз айкашы болуш үчүн дагы бир толук маанилүү сөз талап кылынарын (келечек тууралуу, ойлонуу, мектепти көздөй басуу, тартип жөнүндө сүйлөшүү ж.б.) жакшы билебиз. Бүгүнкү сабакта силер менен «Сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору» деген теманы өтөбүз.

**Жаңы тема:** (сабакка даярдалган таблица доскага илинет) Сөз айкашынын тутумундагы сөздөр өз ара маанилик жактан жана грамматикалык жактан байланышат. Маанилик байланыш болгондо, негизги (багындыруучу) сөз багыныңкы сөздөн кийин келип, экөө өз ара маанилик жактан байланышып турушат. Мисалы: сүйүктүү мугалим, тартиптүү окуучу, кызыктуу китеп ж.б. Сөздөр грамматикалык жактан байланышканда, багыныңкы сөзгө жөндөмө мүчөлөр уланат же кызматчы сөздөрдүн тизмектеле келүүсү менен айтылат. Мисалы: мектепке келүү, сууну көздөй басуу, сабактан чыгуу ж.б. Багыныңкы байланыштын ээрчишүү, ыкташуу, таандык, башкаруу деген жолдору бар.

Багындыруучу сөз менен багыныңкы сөз жөндөмө мүчөлөрдүн жардамы менен эмес, жөн гана маанилик жактан байланышып турса, ыкташуу байланышы деп аталат. Мисалы: калың токой, кызыктуу сабак, чоң бөлмө, тартиптүү окуучу ж.б. Башкаруу байланышында болсо, багындыруучу сөз багыныңкы сөздүн барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрдү турушун талап кылып башкарат. Ошондуктан байланыштын бул түрү башкаруу деп аталат. Мисалы: сабакка келүү, китепти алуу, тоодо болуу, шаардан чыгуу ж.б. Таандык байланышта болсо, багындыруучу сөз илик жөндөмөсүндө+, багыныңкы сөзгө 3-жактын таандык мүчөсү уланат. Мисалы: мектептин окуучусу, Ысык-Көлдүн жээги, тоонун абасы ж.б. Башкача айтканда, окуучу мектепке, жээк Ысык-Көлгө, аба тоого таандык дегенди түшүндүрөт. Ээрчишүү байланышында ээни баяндооч сан, жак, түр боюнча ээрчип турат, ошондуктан ээрчишүү байланышы деп аталат. Мисалы: күн чыкты, сабак башталды, күз келди ж.б. Байланыштын мына ушул түрүн өзгөчө катыштагы сөз айкашы дейбиз, себеби алар сүйлөмдүк катышта турушат.

**Окуу китебиндеги көнүгүүлөрдү иштөө, карточкалар таратуу ж.б.**

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар менен төмөндөгүдөй өз алдынча жумуштар аткарылат:
Берилген схема боюнча сөз айкаштарын түзүп, анын тутумундагы сөздөрдүн кандай жолдор менен байланышкандыгын түшүндүрүп беришет.
**1-топ**: зат атооч + этиш (киного келүү…)
**2-топ**: зат атооч + зат атооч (эненин мээрими…)
**3-топ**: сын атооч + зат атооч (үлгүлүү кыз…)
Топтор өз алдынча схема боюнча иштеп жатканда, мугалим доскада кийинки тапшырманы даярдайт. Берилген мисалдардын кайсынысы сөз кайсынысы сөз айкашы экендигин өз-өзүнчө бөлүп аныкташат (оозеки).
Ысык-Көл, Ысык-Көлдүн жээги, Ала-Тоо, Ала-Тоонун абасы, темир жол, келечек тууралуу, бака жалбырак, кызыктуу китеп, берекелүү күз, тоону көздөй, чоң бөлмө, ак карлуу тоо, апамдын белеги, кол кап ж.б.

Схема боюнча ар бир топтун аткарган тапшырмалары текшерилет жана доскада берилген мисалдардан сөз айкаштарын табышат, эмне үчүн алар сөз айкашы болорун, же болбой тургандыгын аныктап беришет.

Сканировано с CamScanner

Кийинки тапшырмада окуучулар топ боюнча иштешет **1-топ**: «Күз» деген сөзгө синквейн түзүү:

- бир сөз менен зат атооч;
- эки сөз менен сын атооч;
- үч сөз менен этиш;
- төрт сөз менен зат атоочко карата фраза же сүйлөм же макал-ылакаптардан табышат.

**2-топ**: «Күз» деген сөздүн каалаган сөз айкаштарын түзүү. Канчалык көп сөз айкаштары түзүлсө, ошончолук жакшы.

**3-топ**: Күз жөнүндөгү макал-ылакаптардан айтып, маанисин түшүндүрүшөт. Табышмактардан айтып, же болбосо, күз жөнүндөгү ырлардан хор менен аткарып берсе да болот.

**Эскертүү:** Бул тема өтүлүп жаткан учурда кайсы мезгил болсо, синквейн ошол мезгилге түзүлөрүн мугалим эсине алышы керек.

Бул учурда мугалим доскада төмөнкүдөй сүйлөмдөрдүн жазып, кийинки тапшырманы даярдайт: Чириген тактайга мык кагылбайт. Акылдуунун ары бар. Таздан тарак сурабайт. Ала көөдөндөн акыл сурабайт. Каткан балыкта кан болбойт. Жогоруда берилген сүйлөмдөрдү сөз айкаштарына бөлүп, багындыруучу жана багыныңкы сөздөрдөн байланышуу жолдорун аныкташат. Ошону менен бирге эмне үчүн ыкташуу, эмне үчүн башкаруу, таандык же ээрчишүү экендиктерин түшүндүрүп, сөз айкашы боюнча жазып, толук талдашат.

Сабакты суроо-жооп менен бышыктоо **кайтарым байланышынын** негизинде ишке ашырылат.

Мында мугалим класска «Биз бүгүн эмнени үйрөндүк?» деген суроо берет. Окуучулар болсо, билгендерин ирети менен, бирин-бири кайталабай айтып чыгышат.

Окуучулар тарабынан кетирилген кемчиликтерди мугалим сабакты жыйынтыктоо учурунда айтып, толуктайт.

**Үйгө тапшырма берүү**, аны аткаруунун жолун түшүндүрүү.

**Окуучулардын билимдерин анализдеп, баалоо менен күндөлүкторүнө баа коюу.**

Сканировано с CamScanner